БЕКИТЕМ

Ош шаарындагы №38 Б. Алыкулов

Атындагы мектеп-гимназиясынын

директору Г. Э. Матисакова

“10” май 2023-жыл

**Илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыктарын киргизүү**

**актысы жана иш-чаралар**

**1. Илимий-изилдөөнүн натыйжаларын өндүрүшкө киргизүүдөгү автор:** Айбашова Тазагул Матраимовна

2. **Илимий-изилдөөнүн аталышы:** “Орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу”

**Илимий-изилдөөнүн натыйжалары:**

Эксперименттик тажырыйба 2017-2022-жылдарда жүргүзүлүп, орто мектептин 5-9-класстардын 62 окуучусу катышты. Тажырыйба жүргүзүүнүн бардык этаптарында оң натыйжалар байкалды:

- 5-9-класстардын окуучуларынын кеп ишмердүүлүгүнүн теориялык сабаттуулугун калыптандырууда кеп стилдери жөнүндөгү материалдардын окуу программасында туура сунушталгандыгына;
- функционалдык стилдерди окутуунун оптималдуу ыкмаларын иштеп чыккандыгы, натыйжалуулугу педагогикалык тажрыйбада сыналгандыгына;
- илимий иштин негиздери окуу китептери, методикалык колдонмолор, илимий жана илимий-методикалык макалаларда апробациялангандыгына;
- окуучулардын кеп стилдери боюнча ишмердүүлүгүн алыптандырууда максатка ылайык окутуу формаларын, ыкмаларын, технологияларын байытууга салым кошкондугуна;
- кыргыз тилинин функционалдык стилдерин инновациялык

технологиялар менен окутуу боюнча методист мугалимдердин алдыңкы тажрыйбалары жалпылаштырылып, аларды окуу процессинде пайдалануунун эффективдүү технологиялары диссертант тарабынан ачылып берилгендигине;

- окумуштуулар А.Турсунов, К. К. Сартбаев, А. Иманов, Т. Аширбаев, С. А. Давлетов, А. Идирисов, Ж. А. Чымановдордун эмгектериндеги ойлор орундуу чагылдырылып, функционалдык стилдерди окутууда идеялардын олуттуу пайдаланылгандыгына;
- Интерактивдүү, салттык эмес окутуу усулдарды айкалышта карап, окуучулар менен мугалимдердин чыгармачылык иш-аракетине шарт түзгөндүгүнө;
- кыргыз тили сабагында окуучуларынын логикалык ой жүгүртүүсүнө, өз алдынча изденүүсүнө багыт берүүчү суроо-тапшырмалар, интерактивдүү көнүгүүлөр камтылган окуу-усулдук колдонмолордун сунуштагандыгына;
- кыргыз тили мугалимдери байланыштуу кеп менен кеп стилдерин байланышта окутуп, практикалык ишмердүүлүгүн арттырууга шарт түзгөндүгүнө багытталган.

3. **Кыскача аннотация:** 5-9-класстын окуучуларына функционалдык стилдерди инновациялык технологиялар менен окутуунун илимий-педагогикалык технологиялардын жана методикалардын заманбап өзгөрүүлөрүн эске алуу менен иштелип чыккан педагогикалык эксперименттин аткарылышы аркылуу практикалоо ишмердүүлүктөрүн калыптоого негизделген сабактын моделдери, интерактивдүү көнүгүүлөрдүн комплекси иштелип чыгып, анын натыйжалуулугу аныкталды.

4. **Ишке ашыруунун таасири:**

Т. М. Айбашованын диссертациясынын натыйжалары төмөкүлөрдү ишке ашырууга жардам берди:

- окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуунун тарыхын, окуучулардын стилдик сабаттуулугунун азыркы абалын эске алуу менен окутуу боюнча мугалимдердин түшүнүктөрүн кеңейтүүгө;
- окуучулар функционалдык стилдердин мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн үйрөнүү менен этнопедагогикалык, психологиялык, этномаданий компетенттүүлүктөрүнүн калыптанышына шарт түзүүгө;

- кыргыз тили сабагында окуучулардын кеп этикетин, стилистикалык ишмердүүлүгүн калыптандыруунун методикасын иштеп чыгып, алардын оптималдуу варианттарын мектеп практикасына сунуштоого;

- сунушталган методикалык ымалардын, каражаттардын эффективдүүлүгүн педагогикалык тажырыйба аркылуу текшерүүгө.

5. **Ишке ашыруунун орду жана убактысы:** Ош шаарындагы №38 Б. Алыкув атындагы мектеп-гимназиясы

6. **Илимий-изилдөөнүн натыйжаларын өндүрүшкө киргизүү формасы:**

*Диссертациянын материалдары төмөнкүдөй документтерде, материалдарда жана иштелмелерде пайдаланылды:*

- мугалимдеринин сабак иштелмелеринде, окуучулардын иш кагаздарын килектеген учурларында, окутуу процессине арналган иш-чараларда;

- стилдерди окутууда кыргыз тилинин окутуу методикасын инновациялык технологиялардын негизинде жаңылоого;

- окуу программаларын, окуу китептерин, усулдук колдонмолорду өркүндөтүп түзүүдө;

- ортоңку класстардын кыргыз тили сабагында стилистикалык ишмердүүлүктү калыптандыруу максатында илимий-практикалык конференцияларда, семинарларда, секциялык иштерде жасаган баяндамаларда;

- 5-9-класстардын окуучуларынын стилистикалык ишмердүүлүгүн калыптандыруу максатында слайддарды, аудио жана видео материалдарды иштеп чыгууда колдонулат.

**Директордун окуу-тарбия**

**иштери боюнча орун басары:** **Г. Төлөкова**